**А.ИБРАХИМОВ, Р.ЖУМАНАЗАРОВА**

# МУЗЫКА

## 4-класс үчүн окуу китеби

6-басылышы

Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги
басууга сунуш кылган

Гафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү
Ташкент – 2017

УЎК 78 (075)
КБК 85.31я71
И 15

*«Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды»*

Рецензенттер:

**Г. Дадабаева** — Республикалык Билим берүү борборунун «Музыка, искусство, эмгекке окутуу, дене чыныктыруу жана саламаттык» бөлүмүнүн башкы методисти.

**О.Абдуллаева** – Өз.МК «Композиторлук жана аспапташтыруу» кафедра башчысы, профессор;

**Р. Худоёрова** – Ташкент шаары, Сергели районундагы 277-жалпы орто билим берүүчү мектептин музыка маданияты предметинин мугалими;

**Ибрахимов А.**

**Музыка:** 4-класс үчүн окуу китеби/А.Ибрахимов, Р.Жуманазарова. Кайра иштелген жана толукталган, 6-басылышы. — Т.: Гафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү, 2017. –112 б.

1. Жуманазарова Р.

**УЎК 78 (075)**
**КБК 85.31 я71**

ISBN 978-9943-4915-3-3

**© А.Ибрахимов, Р.Жуманазарова**
**© Гафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү, 2017**

## СӨЗ БАШЫ

Урматтуу окуучулар! Ар бир элдин кадырлуу ырлары, күү-обондору, бир сөз менен айтканда улуттук музыкасы болот. Элдик музыка — көп жана узак кылымдык сыноолордон өткөн жана жан дүйнөбүздөгү руханий байлыгыбыз.

Ар түрдүү аспаптарыбызда аткарылып жүргөн улуттук обондорубуз болсо, мына ушул руханий байлыктын ажыралгыс бөлүгү.

Колуңардагы окуу китеп силерди мына ушундай руханий сулуулук менен байлыктардан пайдаланүу максатында жазылган.

Анда элибиздин жашоо тиричилиги, эмгек иш-аракети жана түрдүү майрамдык үрп-адаттары менен байланыштуу ырлары, улуттук аспаптары жөнүндөгү маалыматтар менен таанышасыңар, укмуштай ыр-күүлөрдү угасыңар, алардын айрымдарын аткарууну үйрөнөсүңөр. Ошондой эле, Өзбекстан жана Кыргызстан композиторлору жана обончуларынын окуучулар үчүн жазган чыгармалары менен таанышасыңар.

Окуу китебинде колдонулган төмөнкү шарттуу белгилерди эстеп калгыла:

⊙ — музыка угуу

▲ — добуш көнүгүүлөрү

△ — ыр ырдоо

♬ — нотага карап ырдоо

𝄞 — музыка сабаты


📖 — өз алдынча окуу

?! — суроо жана тапшырмалар

# ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Сөзү **А.Ариповдуку** Музыкасы **М.Бурхановдуку**






Serquyosh, hur o‘lkam, elga baxt, najot,
Sen o‘zing do‘stlarga yo‘ldosh, mehribon!
Yashnagay to abad ilm-u fan, ijod,
Shuhrating porlasin toki bor jahon!

Кайырма:

Oltin bu vodiylar — jon O‘zbekiston,
Ajdodlar mardona ruhi senga yor!
Ulug‘ xalq qudrati jo‘sh urgan zamon,
Olamni mahliyo aylagan diyor!

Bag‘ri keng o‘zbekning o‘chmas iymoni,
Erkin, yosh avlodlar senga zo‘r qanot!
Istiqlol mash’ali, tinchlik posboni,
Haqsevar, ona yurt, mangu bo‘l obod!

Кайырма:

Oltin bu vodiylar — jon O‘zbekiston,
Ajdodlar mardona ruhi senga yor!
Ulug‘ xalq qudrati jo‘sh urgan zamon,
Olamni mahliyo aylagan diyor!

Күз















# БИРИНЧИ ЧЕЙРЕК

## ЭЛДИК ЫРЛАР ЖАНА АСПАПТАР

### *1–2-темалар*. ЭЛДИК ЫРЛАР

Элдик оозеки чыгармачылыктын ажыралгыс бөлүгүн ырлар түзөт. Темасы жана мазмуну жагынан ар түрдүү болгон бул ырларда элибиздин турмушу, жашоо – тиричилиги чагылдырылат. Ошону менен бирге ырларда адамдардын Ата Мекенге, табиятка, айлана-чөйрөгө, үй-бүлө жана жоро-жолдошторго мээрим сезимдери көркөм чагылдырылат.

Элдик ырлар алгач элдин арасынан чыккан дыйкандар, кол өнөрчүлөр, ишчилер жана башкалар тарабынан түрдүү кырдаалдарда ырдалган. Бирок көпчүлүк учурларда алардын аттары бизге белгисиз болуп калган, себеби жаңы чыккан ыр жазып алынбаган, оозеки түрдө аткарылып бир аткаруучудан экинчисине, атадан балага, бабалардан неберелерге өтүп, жалпыга жайылган. Элдик ырлар ата-бабалардан муундарга руханий мурас болуп, бизге чейин жетип келген.






Элдик ырларын мазмунуна карата «Эмгек ырлары», «Той аземи ырлары», «Мезгил ырлары» жана «Балдар ырлары» сыяктуу түрлөргө ажыратуу мүмкүн. Булардан тышкары маданий эс алуу учурунда ырдоого болжолдонгон лапар, ялла жана ашула сыяктуу ырлар элдин арасында кеңири таркалган.

## QO'SHIQ

Ырлар көбүрөөк 7 же 8 муундуу ыр саптарынын негизинде (коштоосуз) ырдалат. Мында саптардын арасында кайталанып туруучу атайын кайырма болбойт.

### OH, LAYLI




Башка көптөгөн элдерде да «qo'shiq» жанрына жакын ырлар бар. Кыргыз элинде «ыр» деп аталат. Буга «Бекбекей» ыры мисал боло алат.

## БЕКБЕКЕЙ

**Элдик ыр**

**Жай, созулуңку**





Уугумдун учу долоно,
Ууру да, бөрү жолобо.
Ууру бир келсе уштайбыз,
Башын бир айра муштайбыз.

Ырларды обончу жана композиторлор да жаратышат. Мында алар элдик каада-салттарга таянышат. Композиторлордун калемине таандык ырлар, элдик ырлардан айырмаланып көп үндүү болушу, башкача айтканда эки, үч жана төрт үндө ырдоо үчүн болжолдонгон болушу мүмкүн. Ошол себептүү бул сыяктуу ырлар көпчүлүк тарабынан чогуу (хор) ырдалат.

Композитор Надым Нархожаевдин «Shaftoliga savolim» (сөзү Пулат Момундуку) ыры элдик ырлар сыяктуу жети муундуу ыр саптарынын негизинде ырдалат. Ошону менен бирге анда аспаптын коштоосу да колдонулат.

Ушул ырды мугалимиңердин жардамында ырдаганга үйрөнгүлө. Бул үчүн алгач төмөндөгү көнүгүүлөрдү ырдап, үнүңөрдү тууралап алгыла:

## Добуш көнүгүүлөрү



## SHAFTOLIGA SAVOLIM

Сөзү **П.Момундуку** Музыкасы **Н.Нархожаевдики**

**Куунак**




Shaftolim, oh, shaftolim, (oh),
Qizil-u oq shaftolim.
Hamma menday sevadi,
Pishganda maza bolim,
Shaftolim...

Asta aytib beraqol,
Seni topgan qay olim?
Indamadi shaftolim,
Qiyin ekan savolim,
Shaftolim.



## ЖӨНӨКӨЙ МУЗЫКАЛЫК ФОРМАЛАРДЫ ЭСТӨӨ. ЫР САПТАРДЫН ФОРМАСЫ

Ар бир музыкалык чыгарма белгилүү бир түзүлүшка ээ болот. Анын мына ушул түзүлүшү болсо музыкалык форма деп аталат. Музыкалык формалар чыгармалардын кайсы жанрда жаратылганы жана чоң-кичинелигине карата түрдүүчө болот. Элдик ырларда музыканын эң жөнөкөй формаларын учуратуу мүмкүн.

Элдик ырлары, адатта, ыр сап (куплет) формасында болот. Бул форма төрт сап ыр катар жана ага шайкеш келген төрт күү түзүлүшүнөн турат. Буга жогоруда көрүп өтүлгөн «Oh, layli» ыры мисал болушу мүмкүн. Ошондой эле, элдик музыкалык чыгармачылыгында кайырмалуу куплет формасы да көп учурайт, мында ыр саптары өзгөрүүчү ар бир куплеттин арасында келген кайырма өзгөрбөстөн кайталанып турулат. Мындай формалар негизинен ялла жанры ырларына тийиштүү болот.

?!
1. Элдик ырлардын кандай түрлөрүн билесиңер?
2. «Shaftoliga savolim» ырынын авторлорун айтып бергиле.
3. «Бекбекей» ырын жаттап алгыла.

## *3-тема*. ЭМГЕК ЫРЛАРЫ

Эмгек ырлары — эл тарабынан жер айдоо, түшүм жыйноо, тегирмен тартуу, жип ийрүү сыяктуу жараяндарда чыгармалар жаралган жана ырдалган.

Аткарылып жаткан эмгек түрүнө карата ушул ырларды чарбачылык, дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк ырлары сыяктуу түрлөргө ажыратууга болот.

Өзгөчө, дыйканчылык ырлары да өз мезгилине жараша түрдүүчө болгон. Анткени, жер айдоо учурунда «Кош айдоо» (кошчунун ыры) ырдалган болсо, түшүмдү жыйнап алууда «Орум ыры» ырдалган. «Оп майда» ыры болсо кырман жанчууда ырдалган.

## ОП МАЙДА

**Элдик ыр**

**Шашпай**




Орой, орой, оп майда,
Ороо толсун оп майда.
Кырча-кырча басканың,
Кырман толсун оп майда.
Майда-майда, мапмайда,
Майдалансын атты айда.

Кол өнөрчүлүк ырлары килем токуу, топу тигүү, жип ийрүү учурунда ырдалган:

### URCHUQ

**Орточо**




Композиторлордун ырларында кээде ыр саптарынан кийин кайырмалар да колдонулат. Композитор Хуршида Хасанованын «Bolalik» деген ыры ушундай формага ээ. Мында ырдын саптарын (куплетин) жеке аткаруучу ырдаса, кайырмасын бардыгы чогуу ырдашат. Ушул ырды силер да ырдагыла.

### ЭМГЕК ЫРЫ

**Элдик ыр**

**Орточо**



# BOLALIK

Сөзү **Дилнурдуку** Музыкасы **Х.Хасановыныкы**




Qanday go‘zal, shirindir bolalik,
Unda bizlar doimo qolaylik.
Quvonchlarga olamni to‘ldirib,
Ertaklarda yurgandek bo‘laylik.

Кайырма:

Quyosh ham nur sochar bizlarga,
Sho‘x-shodon o‘g‘il-u qizlarga.
Osmonning bag‘rida yayraylik,
Bor bo‘lsin bolalik.


Quvontirib ko‘zlarni o‘ynaymiz,
Tabassumsiz hech kimni qo‘ymaymiz.
Biz bor yerda kattalar zerikmas,
Xursand qilib barchani to‘ymaymiz.

Кайырма

## ДО-МАЖОР ТОНАЛЬНОСТУ

До-мажор тональностунун негизги тоникасы «до» добушу.

Ушул мажор добуш катары «до» дон башталып, жогоруга карай төмөндөгүдөй түзүлөт:



Эсиңерде болсо, мажор добуш катарында жарым тондор III жана IV, VII жана VIII(I) баскычтар арасында жүзөгө келет. Ошондой эле I, III жана V баскыч добуштары туруктуу, II, IV, VI жана VII баскыч добуштары болсо туруксуз. Силер ырдоого үйрөнүп жаткан «Bolalik» ыры до мажор тональностуна анык мисал боло алат.

♫ **Төмөнкү мисалды 2/4 такт өлчөмүнө дирижёрлук кылып, ноталар негизинде ырдагыла.**

**JIYDA**

Сөзү **П.Пулатовдуку** Музыкасы **Х.Пулатовдуку**

**Шашпастан**




?! 1. Эмгек жараянына тийиштүү кандай ырларды билесиңер?
2. «Bolalik» ырын жаттап алгыла.
3. До-мажор тональносту жөнүндө айтып бергиле.

## *4-тема*. ЛАПАР

Лапар – эки киши (же эки жакка бөлүнгөн көпчүлүк) тарабынан айтышуу түрүндө ырдалат. Мында аткаруучулар кезектешип «суроо-жооп» түрүндө курулган төрттүк ыр саптарын ырдашат. Элдин арасында белгилүү болгон «Bilaguzuk», «Qora

qosh», «Qilpillama» сыяктуу лапарлар ушундай ырлардын тизмегин түзөт. Балдардын «Ак терек, көк терек» ыр оюну да лапар өзгөчөлүгүнө ээ.

Кээ бир лапарларда бий характерине ээ болгон дойра усулдары да колдонулуп, бул абал лапар аткаруучулардын кезектешип бийлеп, ырдашына себеп болот. Лапар айтышуулары кыргыз композиторлорунун музыкасында да учурайт. Буга, «Пил менен чычкан», «Биздин айыл», «Кыз-жигит» жана башкаларды мисал кылып алууга болот.

## БИЗДИН АЙЫЛ

Сөзү **К.Маликовдуку** Музыкасы **А.Малдыбаевдики**

**Орточо**



Кыз: Күнгө карап күлүмсүрөйт,
Бийик тоонун баш жагы.
Эчки, теке чубап жүргөн,
Калкылдаган аскасы.

Бала: Тоонун берки этегинде,
Жүздөп-миңдеп жатканы.
Биздин жердин малы тура,
Ата-эненин тапканы.

Кыз: Көп экен го айылыбыздын,
Кымыз менен айраны.
Санак жетпейт канча экен деп,
Сүтү менен каймагы.

Бала: Ошол тоодо жылкы баккан,
Менин баатыр атам бар.
Тиш сала албайт атакеме,
Карышкырлар, камандар.

Кыз: Бер жагында саан сааган,
Менин жакшы эжем бар.
Сабагыңдан начар болсоң,
Каймак, сүттө немең бар!

Бала: Тоо айланып балдарыбыз,
Тоо койнунда ырдаган.
Эрте турган, жакшы окуган,
Ата-энесин сыйлаган.

## ЧЫМЧЫКТЫН ЫРЫ

Сөзү **М.Бостонкуловдуку** Музыкасы **А.Кыдыровдуку**


**Тезирээк**




## 3/8 өлчөмү

3/8 өлчөмү ылдам темпте аткарылуучу музыкалык чыгармаларда колдонулат. Бул өлчөмдүн жогорудагы «3» саны бир тактынын ичинде үч үлүштүн (доля) бар экенин, төмөндөгү «8» саны болсо бул үлүштөрдүн ар бири сегиздик созулушка тең экендигин билдирет. Мында үч үлүштөн биринчи үлүш күчтүү, экинчи жана үчүнчү үлүштөрү болсо күчсүз болот.






3/8 өлчөмүндө дирижёрлук кылганда оң колдун аракети төмөнкүдөй болот: «бир» дегенде – кол жогорудан төмөнгө түшөт, «эки» дегенде – кол төмөндөн оңго карай аракеттенет жана «үч» дегенде – оңдон жогоруга карай көтөрүлөт.

?!

1. Лапар жанры жөнүндө айтып бергиле.
2. «Биздин айыл» ырын толук абалда ырдагыла.

## *5-тема*. ЯЛЛА


Ялла – көп өзгөчөлүктөрү менен, ошонун ичинде бийдин да, көпчүлүктүн катышуусу менен лапарга жакын болгон жанр. Бирок лапарда, алгач, эки жак болуп айтышуу абалы маанилүү болсо, яллада ыр, күү жана бий болот. Ошондой эле, ялалардын лапарлардан айырмасы, аларда кайырмасы болот. Мында жеке аткаруучу (солист) бийге түшүп саптарды ырдаса, кайырманы көпчүлүк биргеликте ырдашат. Ялаларда бийге ылайык дойра усулдары жана ар түрдүү аспаптардан турган ансамблдин коштоосу колдонулат.

**«Yallama yorim» элдик ялласын уккула.**

### YALLAMA YORIM

**Орточо ылдам**






Кыргыз ырында да өзбек ялласына окшош өзгөчөлүктөрү бар. Бул өзгөчөлүктөр эмнелерден турарын өзүңөр аныктоого аракет кылгыла.

Ырдын текстинде учурай турган чекиттүү ноталарга көңүл бөлгүлө. Нотанын оң жагына коюлган бир чекит, нотанын созулушун дагы тең жарымына ашырышын унутпагыла.



?! 1. Ялла жанры тууралуу айтып бергиле.
2. Ялла жанры кайсы жактары менен лапардан айырмаланат?
3. «Биздин айыл» ырынан алган таасирлериңерди айтып бергиле.
4. «Чымчыктын ыры» ырын жаттап алгыла.

## *6–7-темалар*. ӨЗБЕК ЭЛ АСПАПТАРЫ

Өзбек элдик музыкалык аспаптарын үч топко бөлүү мүмкүн:

1. Кылдуу аспаптар;

2. Үйлөмө аспаптар;

3. Урма аспаптар.

Кылдуу аспаптарда добуш пайда кылуу каражаттары түрдүүчө. Мындан комуз, дутар жана домбрада кылдары чертип ойнолот. Танбурдун кылдары сөөмөйгө кийилүүчү атайын «нохун» менен чертилет.




Дутар



Танбур

Конун инструменти да бармактарга кийилүүчү нохундар менен ойнолот.




Конун

Кашкар рубабы, афган рубабы, уд сыяктуу аспаптар медиатор менен ойнолот.



Уд



Кашкар рубабы



Афган рубабы

Кылдуу аспаптарды атайын жаа менен ойноо мүмкүн. Сато, гижжак, кобуз — кылдуу аспаптар.



Гижжак



Сато




Кобуз (кыл кыяк)

Чанг аспабы эки таякча менен уруп же чертип (тырмап) ойнолот.



Чанг



## КОМУЗ

Комуз — кыргыз элинин эң кеңири таралган кылдуу аспабы. Кыргызстандын түштүк бөлүгүндө «чертмек» делет. Биринчи жолу комузду илгери Камбар мергенчи деген адам жасап, ал өзү биринчи комузчу болгон. Комуз — үч кылдуу аспап. Комузчу комузду горизонталдуу абалда кармайт. Комузда ойногондо көбүнчө отуруп, кээде туруп ойнойт. Комузду көбүнчө өрүктөн жасашат.

## ОЙ, КОМУЗЧУ

Сөзү **Т.Үмөталиевдики** — **Обону элдики**

**Орточо, көңүлдүү**



?!

1. Өзбек эл аспаптары канча топко бөлүнөт?
2 Кылдуу-чертме аспаптардын аттарын атагыла.
3. Кылдуу-урма аспаптардын аттарын атагыла.
4. «Ой, комузчу» ырын нота дептериңерге көчүрүп, ырын жаттап алгыла.

## АФГАН РУБАБЫ ЖӨНҮНДӨ АҢГЕМЕ

Бухара ханынын теңдешсиз сулуу бир кызы бар экен. Бирок ал уйкусуздук оорусуна чалдыгып калат. «Кызым өлүп калбас бекен?» —деп хан күнү-түнү санаада экен. Каратпаган табыбы калбаптыр. Ошондой болсо да кыз сакайбай, акы-балы күндөн-күнгө начарлай бериптир. Кызды эртең менен көлдүн жээгине чыгарып, кечкисин хан сарайынын ичине алып киришер экен. Хандын кызы көлдүн жээгинде отуруп, бакта жүргөн тоосторго тигилип, кыялданат экен. Аларды абдан жакшы көрөт экен да. Тоостор канаттарын жайса көңүлү ачылып, ойношсо кубанар экен. Дайыма «Ушул тоостор сүйлөшүп, ыр ырдап, бийлешсе» — дейт экен. Бухарада жашоочу бир афган жигити мындан кабардар болуп калыптыр. Ал колу гүл уста болуп, а түгүл кургак жыгачка да «жан киргизип» жиберер экен. Өнөрүн ишке салып, тооско окшогон бир аспап жасаптыр. Аны алып хандын сарайына барыптыр. Ханга: «Мен кызыңызды айыктырам», — дептир. Хан ыраазы болуптур. Афган жигити бакка кирип, кыздын жанына келип, өзү жасаган тоос сымал аспапты черте баштаптыр. Аспаптын бирде назик, бирде муңдуу, бирде толкунданган күүсүнө берилип



*“Кыял”. Сүрөтчү* **Алишер Мирзо**

кеткен хандын кызы, акырындап уйкуга кетиптир. «Уйку дартка даба, сыркоого сакаюу», — деп бекеринен айтышпаган. Афган жигити аспабын черте бериптир, хандын кызы жыргап уктай бериптир. Барабара афган жигити аны жакшы көрүп калыптыр. Кызга сүйүүсү ашкан сайын колундагы аспабы дагы да башкачараак боздой бериптир.

«Кызым эмне болду экен, бир кабар алайынчы», — деп бакка чыккан хан кызынын уйкуда жатканын, жанындагы афган жигити болсо колундагы аспабын боздотуп жаткан абалда көрүп, «Дагы кызымдын башын айлантып койбосун», — деп ойлоп, жигитти бактан кууп чыгарып жибериптир. Ошол замат кыз сакайып кетиптир. Афган жигитин көп кыдырып, таба албаптыр. Хан кызынын сакайып калганын көрүп, өзүнө окшогон хандын уулуна чоң той кылып узатып жибериптир.

Афган жигити өзү жасаган аспабын чертип жүрө бериптир. Ал черткенде уйкусуздар уйкуга кетип, оорулуулар сакайышыптыр. Махабаты мезгилсиз соолугандардын дартына дарт кошулуптур.

Ошентип афган жигити жасаган аспап “Афган рубабы” —деп атала турган болуптур.

(**«Өзбек легендалары, аңгемелери, уламыштары»** китебинен).

## *8–9-темалар.* ҮЙЛӨМӨ ЖАНА УРМА АСПАПТАР

Салттуу элдик майрамдары, той аземдерин керней-сурнай, дойра-нагараларсыз элестетип болбойт. Бул аспаптар эң алгач шаттуу күндөрдүн кабарчысы катары элдин руханий турмушунан орун алган.



Сурнай



Керней



Дойра



Нагара

Булардан тышкары, най, кошнай, сыбызгы, чоор, ооз комуз сыяктуу үйлөмө аспаптар да бар.




**Үйлөмө жана урма аспаптардын аткаруусунда күүлөрдү уккула.**

**Токтогул Сатылганов**
(1864—1933)



Кыргыз элинин улуу акыны Токтогул Сатылганов 1864-жылы Кетментөбө өрөөнүндөгү Узунакмат суусунун боюндагы Сасыкжийде кыштоосунда туулган. Ал кичине кезинен тартып эле колуна комуз алып, ыр ырдай баштайт. Анын алгачкы чыгармаларына «Алымкан», «Гүлдөп ал», «Эмне кызык»

деген ырлары, «Токтогулдун миң кыял» («Жаш кыял») аттуу күүсү кирет. Токтогул кыргыз ырларынан тышкары татардын «Урал күйү», «Макаржа», «Каз канаты», өзбектин «Yor-yor», «Фергана», орустун «Барыня» деген ырлары менен күүлөрүн эң сонун ырдап, аткара билген. Анын элүүдөн ашык күүлөрү бар: «Чайкама», «Алайдын миң кыял», «Токтогулдун ботоюу», «Тогуз кайрык», «Кыз ойготор», «Чоң кербез», «Терме кербез» жана башка чыгармалары классикалык чыгармага айланган. Комузду үйрөнүүнү баштаган ар бир окуучу «Кербезден» баштап чертип, ырдап жүрөт.

Токтогул Сатылганов комузду чебер чертүүнүн эң бир түркүн ыкмаларын колдоно билген.

Кыргыз улуттук филармониясы улуу залкардын ысымын сыймык менен алып жүрөт.

**МИҢ КЫЯЛ**

Музыкасы **Т.Сатылгановдуку**

**Ылдам**



## ПИЛ МЕНЕН ЧЫЧКАН

Сөзү **К.Абдрахмановдуку** Музыкасы **К.Молдобасановдуку**


**Жай, мээримдүү**






## МИНОР ДОБУШ КАТАРЫ

Минор добуш катары мажор сыяктуу туруктуу жана туруксуз баскыч добуштарынан түзүлөт. Минордо да туруктуу добуштар I, III жана V баскычтарга, туруксуз добуштар болсо II, IV, VI жана VII баскычтарга туура келет.



Ошону менен бирге, минор добуш катарынын мажор добуш катары түзүлүшүнөн маанилүү айырмалуу жактары да бар: минор добуш катарында жарым тондор II жана III, V жана VI баскычтар арасында жүзөгө келет.

**Орточо ылдам** **ля-минор**



## ?! Кайталоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Элдик ырлар жөнүндө эмнелерди билесиңер?
2. Кылдуу аспаптардын аттарын айтып бергиле.
3. Үйлөмө аспаптардын аттарын айтып бергиле.
4. Кандай урма аспаптарды билесиңер?

## ДОЙРА

Илгерки замандарда бир мамлекеттин соодагерлери соода кылыш үчүн сапарга чыгышат. Жолдору Чөл Маликтен өтөт. Жол жүрүп, жол жүрүшсө да аз эмес мол жүрүшүп, Чөл Маликтин дал ортосуна барып калышат.

Бир кезде камдаган суулары түгөнүп калат. Суусуздуктан биринин артынан бири сулашып, жатып калышат. Күч-кубаттары кетип, туруп жүрүшкө

күчтөрү калбаган. Кербенде бир жигит да бар экен. Ал өзүнүн чаначындагы акыркы сууну сапарлаштарынын оозуна тамчылатып-тамчылатып куюптур. Адамдар бир аз өздөрүнө келишип, күндүн ысыктыгынан жана суусашкандыктан жолго түшө алышпаптыр. Ошондо баягы жигит ойлоп-ойлоп, суудан бошогон чаначын жарып, арабанын дөңгөлөгүнө керип тартыптыр. Ошондон кийин күнгө каратып



коюптур. Андан кийин аны така-тум кылып ургулай баштаптыр. Үнүнө суктанып катуураак ургулайт. Бара-бара аны ушунчалык ура баштаптыр, аспаптын үнү бүткүл чөлдү титиретиптир.

Кайраттуу бул үндөн адамдар да өздөрүнө келип, кыймылдай башташыптыр. Аларда күч-кубат, кыймыл-аракет пайда болуптур. Үн бархандан бархангa[1], дөбөдөн дөбөгө өтүптүр. Акыры ушул



чөлдүн аркы четинде кетип бараткан башка кербендегилердин кулагына да жетип барыптыр.

Кербендегилер: «Кербен кырсыкка учураптыр, болбосо мындай үн чыгарчу эмес. Жардамга чакырып жатат,



барыш керек», — деп алардын алдыларына жетип барышат. Суу берип, кырсыкка учураган соодагерлерди өздөрү менен бирге соодага алып кетишиптир. Ошол дойра «така-така-тум, така-така-тум», — деп үн чыгара баштадыбы, адамдарда кайраттуулук, сергектик, жүрөктүүлүк, эрдик сезимдери ойгонот экен.

(**«Өзбек аңгемелери, жомоктору»** китебинен).

[1] Б а р х а н – чөлдөрдө шамал көчүрүп жүрүүчү кум дөбөлөр.

# ЭКИНЧИ ЧЕЙРЕК

## *1-тема*. МАЙРАМ ЖАНА САЛТТЫК ЫРЛАРЫ

### ЖАЛПЫ ТҮШҮНҮК



Өзбек элинин узак тарыхында майрамдык маанай алган көптөгөн үрп-адат, азем, жазгы майрам жана түрдүү оюндар калыптанган. Өзгөчө, бешик ыры, сүннөт тою, мүчөл тою, нике тою, көкбөрү-улак тартмай, мелдешүү оюну жана жаз майрамдары ушулардан. Массалык майрам жана үрп-адаттардын өткөрүлүшү көбүнчө кеч күз мезгилине туура келген жана эмгек мезгили болгон эрте жазга чейин уланган. Анткени, ушул мезгилде дыйкандардын жыйым-терим иштери аяктап, бош убакыттары көбүрөөк болгон.

Ушул массалык чараларды өткөзүүдө музыка өзгөчө орунду ээлейт, мында керней, сурнай, дойра аспаптарынан турган ансамблдин үндөрү салтанаттуу жаңырат. Бул аспаптар бир убактын өзүндө да көркөм угуу, дагы жарчылык милдетин аткарат. Керней, сурнайдын үндөрү элди салтанаттуу майрам башталгандыгынан кабардар кылса, экинчи жактан, ансамблдин аткаруусунда укмуштай обон-күүлөр адамдын көңүлүн көтөрөт. Ар бир

тамашага таандык атайын аткарыла турган күүлөр да жүзөгө келген. Мисалы, дарчылардын оюндары «Dorbozi», «Duchava», «Charx» аттуу күүлөрдүн жаңырышы менен көрсөтүлгөн.

Маскарапоз жана куудулдардын чыгыштарында, ошондой эле, «Ot o‘yin», «Az-az», «Yuz bir», «Norim-norim» сыяктуу күүлөр жаңырган.

Ошону менен бирге элдик сейилдер, майрамдар жана той аземдеринде “qo‘shiq” жана “ashulalar” да аткарылган.

**«Charx II» аттуу күүнү угуп, аны мүнөздөп берүүгө аракет кылгыла.**

**CHARX II**

**Ылдам**



## Добуш көнүгүүлөрүн аткаргыла.

**Шашпастан**




## «Биздин класс» ырын саптарга бөлүп ырдаганга үйрөнгүлө.

### БИЗДИН КЛАСС

Сөзү **А.Кыдыровдуку** Музыкасы **К.Букалаевдики**

**Көңүлдүү**




Окууга да мыктыбыз,
Бийге дагы беленбиз.
Кол өнөргө шыктуубуз,
Ырга дагы чебербиз.

Тартибибиз дайым «беш»,
Бизден кынтык таппайт эч.
Китеп окуп чогулуп,
Ыр жаттайбыз эрте-кеч.

?!
1. «Биздин класс» ырынын нота жазуунда учураган белгилер эмнени билдирет?
2. «Биздин класс» ырын жаттап алгыла.

## *2–3-темалар*. ТОЙ АЗЕМИ ЫРЛАРЫ

Той – «өз аты менен жакын достордун, тугандардын түрдүү даамдарга, жакшы ыр-күүлөргө, күрөш, көк бөрү тамашасына, майрам кубанычына, күлкү жана шаттыкка бөлөнүүсү»[1] — дегени.

Той аземдеринде музыка маанилүү орунду ээлейт. Мында комуз чертип, ыр ырдалат. Кыргыздар ырга шыктуу келишип, жалаң оюн-тамашада гана ырдашпастан, эмгекте да, күндөлүк турмушта да, үрп-адат менен байланышкан аш-тойлордо ырдашкан. Үйлөнүү тоюндагы жаштардын жолугушуу ырларынын негизин «Жар-жар» айтышуу мүнөзүндөгү ырлар түзгөн. Аны кыз менен күйөөнүн жакын жолдоштору, айылдагы жаштар чогулушуп ырдашкан. Той аземдеринде керней, сурнай жана нагаралардан турган ансамблдин аткаруусунда жаңырган күүлөр элге тойдун башталганынан кабар берет жана угуучуга салтанаттуу майрамдык маанайды көтөрүп, бийге тартып, ага коштоочу болот.


Тойлордо адатта, «Navo», «Navo Charxi», «Begi Sulton» сыяктуу күүлөр аткарылат.

**SURNAY NAVOSI**

**Салмактуу**




[1] М а х м у д  С а т т а р. «Өзбек үрп-адаттары». Т., Фан. 1993-жыл. 113-бет.



Келинди күйөөгө узатып баруу учурунда аялдар тарабынан ырдалган “Yor-yorлар” нике тою аземинин эң татынакай “qo‘shiq” үлгүсү болот. Нике тоюнун эртеси күнү эртең менен күйөөнүн ата-энеси, тууган-уруктары жана коңшу-колоңдорго келиндин атынан «Kelinsalom» айтуучу тарабынан белгилүү бир күүнүн обондорунда салам айтып турулат, келин болсо жүгүнүп салам кылат.

## YOR-YOR

**Орточо ылдам**




## MUNOJOT

**Салмактуу** **соль-мажор**



Урматтуу окуучулар! Силер нотага карап көнүгүү кылган музыка үлгүсү, элибиздин байыртадан сүйүп, ардактап келинген «Munojot» күүсүнүн башталгыч бөлүгүнөн алынган.



**Муратаалы Күрөңкеев**
(1860—1949)

Атактуу элдик музыкант Муратаалы Күрөңкеев 1860-жылы Ысык-Көл районунун Талдыбулак айылында туулган. Атасы Күрөңкей комузчу болгон. Муратаалы алтыдан жетиге кадам койгондо, колуна комуз кармап күү чертүүгө шыктанат. Муратаалы комуздан тышкары, кыл кыякты муңданта тартып, чоорду созолонтуп ойногонду жакшы билген. Ал комузда, кыл кыякта, чоордо аткарыла турган 150 дөй күүлөрдүн автору. «Муратаалынын толгоосу», «Кер өзөн», «Ак токту», «Бурулча», «Шырылдаң», «Шыңгырама», «Камбаркан», «Чайкама» жана башка көптөгөн чыгармалары кыргыздын классикалык чыгармаларына айланды.

**КАМБАРКАН**
(Күүдөн үзүндү)
Музыкасы **М.Күрөңкеевдики**


**Ылдам**



## КЕР ӨЗӨН

(Күүдөн үзүндү)

**Салтанаттуу** Музыкасы **М.Күрөңкеевдики**



## ЭЛКИН ТОО

Сөзү **Тоголок Молдонуку** **Обону элдики**




Адыры болбой тоо болбойт (да),
Аркары болбой зоо болбойт, адам.
Карысы болбой эл болбойт, адам,

Камышы (да) болбой көл болбойт, адам,
Камышы (да) болбой көл болбойт, адам!..

## КЕҢ ЖАЙЛОО

Сөзү **А.Белековдуку** Музыкасы **М.Абдраевдики**

**Орточо**




Карагайлуу, кайыңдуу,
Кайберен көп байырлуу.
Капталында мал жаткан,
Калкагар тоолор айылдуу.

Алпурушкан шамалда,
Абакемдер бар анда.
Кулун салып беребиз,
Жеңекем бээни саагында.

Ден соолукка дем жайлоо,
Телегейи тең жайлоо.
Ойноктотуп ат минген,
Ойку да кайкы кең жайлоо.

Алай-дүлөй шамалда,
Жамгыр, мөндүр жааганда.
Майтарылбай мал баккан,
Ага бир жеңем бар анда.

## ТОО БАЛДАРЫ

Сөзү **А.Чекировдуку** Музыкасы **А.Абдуллаевдики**

**Жандуу**






Дүйнө жүзү баалашкан,
Таалайы бар жарашкан.
Аруу сезим, өнөрпоз,
Күн бетине жанашкан.

Тизилгин катарга,
Баатырлардай жүрөктүү.
Жалтанбай алга жүр,
Чагылгандай мүнөздүү.


Жылдыз учкан кечтеги,
Костёр жаккан беттеги,
Ошол балдар тоолордо,
Бүтпөй жомок, кептери ...

Келгиле катарга,
Кенен болгун кол берип.
Кыйышпас достукка,
Кылымдарга жол берип.


Аппак бийик тоолору,
Ак кайыңдай бойлору.
Ак дилдеги баарынын,
Асаба туу ойлору ...

Болорбуз чоңойсок,
Жоо-жарагы белинде.
Ар-намыс күчтөгөн,
Ата Мекен чегинде.

?! 1. Кандай той-аземи ырларын билесиңер?
2. Төмөнкү нота мисалдарында жарым тондор кайсы добуштардын арасында жайгашкан?



Ми-минор



## *4-тема.* ЭЛДИК БИЙЛЕР

Бий – бул искусство түрү болуп, анда адамдын жүрөгүн толкуткан сезимдер, белгилүү бир кол, бут жана тулку бойдун аракеттери аркылуу туюнтулат. Ар бир элдин сүйүктүү ыр күүлөрү болгону сыяктуу улуттук бийлери да бар.

Өзбек элинин мына ушундай бийлеринин катарына «Lazgi», «Dilxiroj», «Tanavor», «Andijon polkasi» сыяктууларды айтууга болот. Бул бийлерге, адатта, түрдүү элдик майрамдарда, той аземдерде жана үй-бүлөлүк жыйындарда бийленген.

Элдик бийлер өзүнө мүнөздүү улуттук көрүнүшкө ээ болуп, алар бийдин күүсү, ритми жана бийчинин кыймыл-аракеттеринде айкын көрүнөт. Мисалы, орустардын «Камаринская» бийи өзгөчө жагымдуулугу жана көңүлдүүлүгү, оюнкараактыгы менен көңүлдү өзүнө тартат.

### КАМАРИНСКАЯ

**Көңүлдүү**





Украиндердин куунак «Гопак» бийинде инсандын эпчил жана ылдам кыймыл-аракеттери туюнтулат.

## ГОПАК

**Ылдам**



Белорустардын «Бульба» ыр-бийинде картошка[1] өсүмдүгүнүн эгилишинен тартып, түшүм жыйнап алынганга чейинки эмгек жараяны сүрөттөлөт.

## БУЛЬБА

**Куунак**




[1] “Картошка” сөзү белорус тилинде «бульба» деп аталат.






«Shag’ala» (Чагалай) каракалпак бийинде улуттук элдик оюн аракеттери ыр ырдоо менен байланышып келет. Мында чагалай кушунун балык уулоо жараяны түрдүү аракеттердин жардамында көркөм сүрөттөлөт.



## SHAG'ALA (ЧАГАЛАЙ)

**Куунак, ылдам** **Каракалпак элдик оюн-ыры**




## ЖҮР, ПОЛЬКАНЫ БИЙЛЕЙЛИ

Сөзү **Ж.Садыковдуку** Музыкасы **Н.Давлесовдуку**

**Полька темпинде**




?!

1. Элдик бийлер жөнүндө эмнелерди билесиңер?
2. 2/4 такт өлчөмүндө канча үлүш бар?
3. 3/4 такт өлчөмүндөчү?
4. Төмөндөгү нота мисалдарында жарым тондор кайсы добуштардын арасында жайгашкандыгын аныктагыла:




5. «Жүр, польканы бийлейли» бий-ырын ноталардын негизинде ырдагыла.

## *5–6-темалар*. БЕШИК ЫРЛАРЫ

Элибизде бар болгон адат боюнча үй-бүлөдө жаңы төрөлгөн перзенттин урматына бешик той аземи өткөрүлөт жана ушул убактан баштап наристенин өмүрүндө маанилүү болгон 2-3 жылдык «бешик доору» башталат. Энеси баланы уктатуу максатында бешикти терметип, атайын ыр ырдайт. Мындай ырлар «Бешик ыры» же «Alla» деп аталат. Эненин перзент жөнүндө ар түрдүү жакшы ойлору, ак тилектери, каалоолору айтылып ырдалган. «Бешик ырларын угуп чоңойгон бала, келечекте ата-энесине мээримдүү, ыймандуу, эл-журтун сүйгөн, боорукер адам болуп улгаят».[1]


**«Бешик ырларын» угуп, андан алган таасирлериңерди айтып бергиле.**

### ALLA

**Шашпай** **Өзбек эл чыгармачылыгы**




[1] «Кылымдарга теңдеш ырлар». Түзүүчүлөр: Ё.Абдурахманов, Ж.Эшонкулов. Ташкент. 1991, 5-бет.




Бешик ырлары обончу жана композиторлор тарабынан да жаралат. Австриялык композитор Вольфганг Амадей Моцарттын «Бешик ыры» кеңири белгилүү болуп, ал кыргыз тилинде төмөнкүдөй ырдалат:

### БЕШИК ЫРЫ

**Шашпай** Музыкасы **В.А.Моцарттыкы**






2. Үйдө эмес, жалаң бу,
Ашкана да караңгы ...
Бардык каалга кыймылсыз,
Чычкан уктайт ың-жыңсыз.
Ой, кандай чуу, сырттагы,
Жандын баары уктады?
Көзүң жумуп, тынчтангын,
Укта, кубат, уктагын.
Укта, уктагын!

## АЛДЕЙ, АЛДЕЙ БӨБӨГҮМ

Сөзү **Т.Кожомбердиевдики**
Музыкасы **О.Турсуниязовдуку**




Алдей, алдей бөбөгүм,
Ак бешикке бөлөндүң.
Элим, жерим гүлдөгөн,
Заманында төрөлдүң.

Алдей, алдей бөбөгүм,
Арка тээк жөлөгүм.
Келечектин ээлерин,
Так өзүңдөн көрөмүн.

## АЛДЕЙ, АЛДЕЙ КУУРЧАГЫМ

Сөзү **А.Өмүркановдуку** Музыкасы **Б.Абдраимовдуку**






Алдей, алдей куурчагым,
Болду уктаар убагың.
Аккан суу да уктады,
Алдейлейин уктагын.

Көңүлү жок жылышка,
Көздү жумду булут да.
Көп суроону жаадырбай,
Көзүңдү жум, бол укта.

Уктап дүйнө балдары,
Уктабаган калбады.
Байыр алды «тук» этип,
Балпактаган кар дагы.

Улам көзүң ачпагын,
Уктап калгын аппагым.
Уят болот ойдолоп,
Уктай албай жатканың.

## «БЕШИК ЫРЫ» ЖӨНҮНДӨ АҢГЕМЕ

Легендада айтылгандай, бейиштен куулган Адам Ата менен Обо Эне бир-бирине көңүл коюшуп, эгиз балалуу болушат.



Кудайдын бул жакшылыгынан төбөсү көккө жеткен Адам Ата аң уулаганы кетиптир. Айлана тымтырс болуп, жер жүзүндөгү бул тынчтыкты эки наристенин гана ыйлаган үнү бузчу экен. Обо Эне эмне кыларын билбей турганда, жүрөгүнөн кандайдыр бир укмуштай бешик ыры келет.


Алдей, алдей акбөпөм,
Ар иштин өз маалы бар.
Атаң ууга кеткени,
Алдей, балам, алдей-ай.

Айтылышынча, жер жүзүндө пайда болгон биринчи наристеге ырдалган бешик ыры мына ушундай башталган экен. Жер жүзүндөгү бардык ырлар эненин бешик ырынан башат алат. Биз уккан жакшы ырлардын келип чыгышы да, эненин бешик ырына барып такалат.

(**«Кылымдарга теңдеш ырлар»** китебинен).

## СОЛЬ-МАЖОР ТОНАЛЬНОСТУ

Соль-мажор тональностунун негизги тоникасы «соль» добушу болуп, ачкыч алдында бир фа-диез белгиси бар. Соль-мажор тональностунда жарым тондор «си» жана «до» (III-IV баскыч) жана фа-диез-соль (VII-I баскыч) добуштарынын арасында пайда болот. Калган баскыч (I-II, II-III, IV-V, V-VI, VI-VII) добуштарынын ар бири өз ара I тон аралыгында жайгашкан.




Ошондой эле, I-III-V баскыч добуштары (соль-си-ре) туруктуу, II-IV-VI-VII баскыч добуштары болсо туруксуз.

?! 1. «Алдей, алдей бөбөгүм» ырын жаттап алгыла.

2. Төмөндөгү мисалда кандай альтерация белгилери колдонулганын аныктагыла:


**OLMANI OTDIM**

**Тамашакөй**




3. Төмөндөгү мисалдардын такт өлчөмдөрүн аныктагыла:

№1



№2



## БЫШЫКТОО ҮЧҮН ТАПШЫРМАЛАР

**1. Элдик ырлар алгач кимдер тарабынан жаратылган?**

А) Дыйкандар, кол өнөрчүлөр, интеллигенттер тарабынан.

Б) Композиторлор тарабынан.


В) Композитор жана акындар тарабынан.

**2. Кандай ырлар «Эмгек ырлары» деп айтылат?**
А) Мекенди сүйүүчүлүк жөнүндөгү ырлар.
Б) Балдар ырлары.
В) Эмгек иш-аракети менен байланыштуу болгон ырлар.

**3. Кылдуу аспаптар кайсы катарда туура берилген?**
А) Чанг, афган рубабы, дутар, комуз.
Б) Гижжак, сато, кыл кыяк.
В) Уд, танбур, конун.

**4. «Yalla» деп эмнеге айтылат?**
А) Музыканттар жамаатына.
Б) Ыр сап-кайырма формадагы күү жана бий.
В) Кылдуу аспапчылар жамаатына.

**5.**




1. Ыр сап (куплет) жана кайырма формадагы күү жана бий жанры?
2. Өзбек улуттук урма аспабы.
3. Украин элдик бийи.
4. Белорус элдик бийи.
5. Ымыркайлардын алгачкы уга турган ыры?

# ҮЧҮНЧҮ ЧЕЙРЕК

# МЕЗГИЛ ЫРЛАРЫ

## *1-тема*. МЕЗГИЛ ЖАНА МАЙРАМ ЫРЛАРЫ

Элибизде жыл айлары жана мезгилдерге байланыштуу абалда өткөзүлүүчү салттуу майрамдары бар. Мисалы, татынакай жаз мезгилинде Нооруз майрамы кеңири майрамдалган, дыйканчылыктын эмгегинин башталышы менен байланыштуу болгон «Жаз – жарыш, күз – күрөш» темаларына арналган чыгармалар жаралган. Ошондой эле, күз мезгилинде жыйым-терим иштери алып барылган болсо, кыш мезгилинде кепоюндары уюштурулган. Элдик оозеки музыка чыгармачылыгында мына ушул сыяктуу мезгил-майрамдарга байланыштуу ырлар да жүзөгө келген.



Кыш

**Композитор А.Мансуровдун «Qorbo‘ron» музыкасын уккула жана анын мазмунун айтып бергиле.**



## QORBO‘RON

Сөзү **М.Абдушукурованыкы** Музыкасы **А.Мансуровдуку**






R a h m a t: — Zarra-zarra, zarrin qor,
Shoshma, senda arzim bor.
Hademay kelsa Bo‘ron,
Qorbo‘ron o‘ynay takror.

B o ‘ r o n: — Uchib keldim, mana men,
Qani, ko‘rsat kuchingni!
Chang‘ida uch, chana min,
Qor otib, ol «o‘chingni».

N a q a r o t:

I k k i s i: — Qorbo‘ron-u qorbo‘ron,
Solasan buncha suron.
Chindan bo‘lsang pahlavon,
Bellashaylik, qorbo‘ron!

△ **«Biz askarmiz» ырын 4/4 өлчөмүнө дирижёрлук кылып, ноталар менен ырдагыла. Кийинки баскычта ыр саптары жана кайырмасы менен байланыштырып ырдагыла.**

## BIZ ASKARMIZ

Сөзү **И.Рахмандыкы** Музыкасы **Н.Нархожаевдики**

**Марш темпинде**



Biz askarmiz, posbonmiz,
Ulug‘ yo‘lda karvonmiz.
Tinchlik uchun qalqonmiz,
Hech buzilmas qo‘rg‘onmiz.

Кайырма:


Bir, ikki, uch, bir, ikki...
Ayting, marra kimniki?
Albat marra bizniki,
Jasur o‘g‘lon, qizniki.

Ona yurt Turkistonda,
Yer-u osmon, ummonda
Chiniqishni qo‘ymaymiz,
Tinchlik kuyin kuylaymiz.

Кайырма

## ▲ Добуш көнүгүүлөрүн аткаргыла.

а)



б)



?! 1. «Qorbo‘ron» ырынан алган таасирлериңерди айтып бергиле.
2. «Biz askarmiz» ырын жаттап алгыла.



**Эл бакшысы Умаркул Тулкан уулу.**

## *2–3 темалар*. КЫШ МЕЗГИЛИНДЕГИ ЫРЛАР

Кыш мезгилинде дыйкан да, жер да дем алаары белгилүү. Мына ушул кездерде айылдагылар, коңшу-колоңдор, тууган-уруктар, теңкур балдар топтолушуп кеп-оюндар өткөзүшкөн. Мындай кеп-оюндар негизинен “кыш күндөрүнө туура келип, узун кыш кечтерин мазмундуу өткөрүү, көңүл жазыш үчүн уюштурулган.”[1]

Кеп-оюндарда меймандостук, кызыктуу аңгемелер, түрдүү оюндар менен бирге ырлар да окулган, ыр ырдалган, бакшылардын аткаруусунда терме жана дастандар айтылган.

Бакшы — бул «Alpomish», «Go‘ro‘g‘li», «Avazxon» сыяктуу дастандардын аткаруучусу болуп, ал адатта дастандарды айтып да, ырдап да берет. Домбра, комуз аспабы (кээде кобуз, дутар) болсо коштоочу аспап катарында колдонулат.

**Төмөнкү мисалды 2/4 өлчөмүнө дирижёрлук кылып, мугалимдин жардамында ырдагыла.**

**QARI NAVO**

**Шашпай**



[1]Махмуд Саттар. Өзбек үрп-адаттары. Ташкент. Фан. 1993, 122-бет.



**«Аппак кар» ырын уккула жана алган таасирлериңерди айтып бергиле.**

## АППАК КАР

Сөзү **Ш.Дүйшеевдики** Музыкасы **С.Момбековдуку**



Бакчабызда бак аппак,
Балатылар дагы аппак.
Балдар чана теп дешти,
Баары болуп карышкыр.
Коён кылып салыптыр,
Кичинесиң деп мени.

Кайырма:


Кардан кылсак мамалак,
Кара күчүк кабанаак.
Капысынан качырды,
Капталынан жыгылып.
Карга башы тыгылып,
Кайра бизден жашынды.

Кайырма



**?!** 1. Төмөнкү нота мисалдарынын такт өлчөмдөрүн аныктагыла:

а) 

б) 

2. «Аппак кар» ырында кандай альтерация белгилери учурайт?

3. Берилген добуш катардын кайсы баскычтарынын арасында жарым тон аралыгы бар экенин аныктагыла:



4. «Саратан» ырын уккула жана алган таасирлериңерди айтып бергиле.

**САРАТАН**

Сөзү **М.Тойбаевдики** Музыкасы **Т.Эрматовдуку**

**Ылдамыраак**




Эй, саратан, саратан,
Биздин айыл арашан.
Бизде, бизде баары бар,
Сен эмнени самасаң.

Эй, саратан, саратан,
Үшүгөнсүң карасам.
Жалкоолугуң сен койсоң,
Дос болобуз ар качан.

Жайда неге келбейсиң,
Жардамыңды бербейсиң.
Кыш жакындап калганда,
Жылуу үйдү дегдейсиң.

Эй, саратан, саратан,
Биздин мекен арашан.
Дос бололу түбөлүк,
Сен кааласаң, самасаң.

## *4–5-темалар*. ТОКТОСУН ЖАЛИЛОВ

Өзбекстан эл артисти, музыкант жана композитор Токтосун Жалилов (1896—1966) Андижан шаарында арабакеч Жалил атанын үй-бүлөсүндө туулган. Ал бала чагынан музыканы сүйгөн жана алгач Аппак Ахун менен Мухаммад танбурчулардан аспаптык көнүкмөлөрдү үйрөнгөн. Кийинчерээк кокондук Юсуфжан чангчыдан элдик музыка сырларын терең үйрөнүп, аларды пикирлөө тажрыйбасын пайда




Токтосун Жалилов

кылган. Устаттардын сабактары келечекте Т.Жалиловдун чебер музыкант жана үнү жагымдуу ырчы болуп жетишүүсүндө, кала берсе, элдик күү, qo‘shiq, ashula жана ырларды аткаруусунда өзгөчө орун тутту. Азыркы учурда устанын жаңы заман руху менен сугарылган музыкалык чыгармалары менен өзбек обончулугунда жаңы доор да башталды. Т.Жалиловдун «Aziz Vatanim», «Ey, hur Vatanim», «To‘ylar muborak», «Kokiling», «O‘ynasin» сыяктуу qo‘shiq жана ashulalары элдин арасында белгилүү болуп кеткен. Ошону менен бирге Т.Жалилов Өзбекстанда музыкалык драма жанрынын калыптанып, өрчүшүнө чоң салым кошту. Ал «Halima», «O‘rtoqlar», «Gulsara», «Nurxon», «Tohir va Zuhra», «Ravshan va Zulxumor», «Farg‘ona hikoyasi», «G‘unchalar», «Alpomish» сыяктуу сахна чыгармаларына музыка жазган. Т.Жалилов жалпысы 40 тан ашык сахна чыгармаларына музыка жараткан.

**SIGNAL**

**Орточо ылдам** — Музыкасы **Т. Жалиловдуку**





## АК ЧӨЛМӨК

Обону, сөзү **Ш.Эсенгуловдуку**

**Жай**




Чөмөлөк кокус колго тийсе,
Шап билектен алышып.
Бирин-бирин аямай жок,
Бир кумардан канышып.

Айлуу түндө чогулушуп,
Биз ойнойбуз ак чөлмөк.
Колго тийсе мара алыс,
Кыйын болот жеткирмек.

Кайырма:

Тектир, тектир, тектирчеден,
Тегеренип издейбиз.
Утуп алуу максатында,
Түк үмүттү үзбөйбүз.
Шамдагайлар талыкпастан,
Топту буза чуркашат.
Атаандаштар жабалактап,
Астын тосо курчашат.

## БАКШЫНЫН ЭРДИГИ

— Дарбазаны ачабыз, кумурскадай бастырып келген баскынчыларга эми тең келип болбойт. Дарбазаны ачпасак, шаарды же сууга бастырат же өрттөп, кыйратат, — дептир, Ташкенттин бийи (бек) өлүп-талып жапырылып, шаардын дубалдарын бузуп жаткан душмандардан коркуп кетип.

— Бийибиз туура айтат, ачкычтарды тапшыруу керек. Алар көпчүлүк, биз азчылыкпыз. Бастырып кирип, кыргын кылышат, — деп анын сөзүн макулдаптыр оң кол жардамчы.

Башкалар да ага кошулушуптур. Ошондон кийин, Ташкенттин аксакалдары кеңешип, дарбазаны душманга ачып берүүнү чечим кылышат. Ошол учурда босогодо самтыраган кийимде, башы-көзү кан болгон бир жигит пайда болот.

— Жок, дарбазаны ачпайбыз. Баскынчылар шаарга кирсе, аны кыйратып, уулдарыбызды кулга, кыздарыбызды күңгө айлантат. Макул десеңер, мен бир өзүм баскынчыларды кара ниеттеринен баш торттуруп, артына кайтарып жиберемин, — дептир ал.

— Кандай кылып! Ушундай душмандыбы?! — деп таң калышат жыйылгандар.

Бий да:

— Болбогон кеп! Ушунча жигиттер жеңе албаган душманды бир өзүң кандай жеңе аласың? — деп таң калыптыр. — Бир өзү душманга тең келе албайт. Ачкычты душмандардын колуна тапшырыш керек.

Бардык жактан чуу көтөрүлүптүр. Ошондо алиги жигит:

— Урушта мен да катыштым. Туура, жоону кылыч менен жеңе албадык, жеңе да албайбыз. Бирок мен бакшымын. Кана, домбрамды ишке салайынчы? Балким кылыч жеңе албаганды домбра жеңээр, — дептир.

Бий, башчы аксакалдар ойлоп-ойлоп, акыры бакшынын сунушуна ыраазылык билдиришет. Бакшы жигит домбрасын колуна алып, коргондун эң бийик жерине чыгып, душман турган жакка карап алып, домбрасын черте баштайт... Душмандардын бири жаа менен аны атмакчы болгон экен, аскер башчы жол койбоптур.

Бакшы жигитке карап:

— Эй, жигит, бул жакка түш, — деп бакырыптыр. Бакшы жигит коргондун сыртына чыгат.

— Кимсиң, кесибиң эмне? — деп сурайт аскер башчы.

— Бакшымын, — деп жооп бериптир ал.

— Бакшы болсоң, жакшы адам экенсиң. Колуңдагы домбраң менен бир заматта мени күлдүрүп да, ыйлата да алсаң, сени аман калтырып, журтуңду курчоого алганды токтотомун да, артка кайтып кетемин. Мунун үстүнөн чыга албасаң, териңди шылып, денеңди дарга астырам. Шаардын күлүн көккө сапырып, жер менен жексен кыламын, — дептир.

Бакшы жигит макул болуптур. Себеби бакшынын өзү да, домбрасы да табында экен, ал домбрасына карап: «Тулпарым, күчүңдү көрсөт, ушундай сайрагын, күлкүдөн мунун ичегиси үзүлсүн, ыйдан көзү жумулсун», — дептир да, кулагын бурай баштайт.

Домбра ушул жердин тытынан жасалган эмеспи, бакшы жигиттин сөзүн, «макулдагандай» чачысын силкилдетип «сайрай» баштайт. Ырды ушундай ырдаптыр, тоолор, жер термелип, тал-теректер силкинет. Бир убакта баскынчы аскер башчынын көзүнөн жаш ага баштайт.

— Болду, токтот, жүрөгүмдү эзип жибердиң! — деп аны араңдан зорго токтотот.

Бакшы жигит домбра чертип, ырдаганын токтотот. Кийин дагы ырдай баштайт. Учуна чыкканда, аскер башчысынын күлкүдөн ичегилери үзүлөйүн дептир. Бардыгы аң-таң имиш. Эмнеге дегенде, аскер башчысы өмүрүндө мындай акыбалга түшпөгөн экен да, башкача айтканда бир заматта ыйлап да, күлүп да көрбөгөн экен.

Аскер башчысы өзүнө келип:

— Көп жерлерди кылыч менен багындырдым. Бирок сени багындыра албадым, ырың кайрыды. Мен ниетимден кайттым. Изиме кайтамын. — Бирок бир өтүнүч кылсам, жок дебейсиңби? — дептир.

— Айтыңыз, — дептир бакшы жигит.

— Мени менен кетсең, оң кол увазир кылып аламын. Бүткүл өмүрүң ыракатта өтөт, — дептир аскер башчы.

— Жок, мен ушул жерде туулдум, ушул жерде өлөмүн, — дептир бакшы.

Ошентип, бакшы жигиттин домбрасы менен ыры Ташкент калаасын (шаарын) кыйроодон, элин талап-тонолуудан сактап калган экен.

(**«Өзбек легендалары, аңгемелери, уламыштары»** китебинен.)

## НАЙ КҮҮСҮ



«Най күүсү». Сүрөтчү **Сагдулла Абдуллаев**.

Султан Хусейин Байкара көп убактысын аң уулоодо өткөзгөн экен. Күндөрдүн биринде ал абдан чарчаптыр. Чатырына кайтып: «Мен уктамакчымын!» — дептир. Эч ким үн чыгар-

баптыр. «Мен уктамакчымын!» — дептир дагы. Эч кимден үн чыкпаптыр. «Мен уктамакчымын!» — дептир дагы Хусейин Байкара. Жан жөкөрлөрү жүгүрүшүп шарап алып келишиптир, кайтарыптыр. Жан жөкөрлөрү султанды уктатабыз, деп өздөрүн отко-чокко урушуптур, бирок колдорунан эч нерсе келбептир. Султан каарданып атына минип, кайтканымча чарасын таппасаңар, бардыгыңарды дарга асам, деп дагы ууга чыгып кетиптир. Бардыгы ойлоп-ойлоп, бул маселени азирети Наваийден бөлөк киши чече албайт, деп акынга чабарман жиберишиптир. Наваий жумуштарым көп деп, ууга чыкпаган экен. Чабарман барып Наваийге бар кепти айтыптыр. Наваий кеп эмнеде экенин дароо түшүнүп, Найчы баба деген белгилүү найчыны өзү менен бирге алып, Хусейин Байкаранын алдына жөнөптүр. «Султан боз үйүнө» найчыны киргизип жиберип, өзү башка бир боз үйгө түшүптүр. Найчыны көргөн Хусейин Байкара кубанып кетип:

— Мен сүйгөн күүнү ойно, бир эс алайын, абдан талыктым, — дептир.

Най тилге кирип бир укмуштай боздоптур, султан уйкуга кеткенин да билбей калыптыр. Таң атуудан мурда най дагы ойноптур. Султан көңүлү сергек ойгонуптур. Кызматкерлеринин бирөөсүн чакырып алып, сураптыр:

— Найдын үнү менен уктап, найдын үнү менен ойгонушумду ким тапты? Айт, баш төлөө беремин.

— Даанышман Наваий, — деп жооп бериптир кызматкер.



**«Алишер Наваий жана Хусейин Байкара».**
*Сүрөтчү* **Сагдулла Абдуллаев**.

— Досум, Алишер?! Кана ал, тез келсин! — дептир султан Хусейин кубанычы койнуна батпай. Султандын жасоолдору Наваийге бул кабарды жеткизишип, Хусейин Байкаранын алдына чакырылып жатканын айтышат.

— Баракелде! Күндүр-түндүр эс алышым өзүңүзсүз, досум, — деп Хусейин Байкара Наваийни урмат-сый менен каршы алыптыр.

⊙ **«Мен кыргыздын уулумун» ырын уккула.**

## МЕН КЫРГЫЗДЫН УУЛУМУН

Обону, сөзү **Ш.Эсенгуловдуку**

**Шаңдуу**






?! 1. Токтосун Жалиловдун чыгармачылыгына таандык чыгармалардын аттарын айтып бергиле.
2. “Ак чөлмөк” ырын жаттап алгыла.
3. «Мен кыргыздын уулумун» ырын жаттап алгыла.
4. «Бакшынын эрдиги» легендасы эмне жөнүндө?
5. «Най күүсү » легендасында кимдердин образы берилген?

## *6–7-темалар*. ЖАРАМАЗАН САЛТТЫК ЫРЛАРЫ


Жарамазан салттык ырлары куттуу рамазан айынын үчүнчү күнүнөн баштап чоңдор же балдардын катышуусунда өткөрүлөт. Мында жарамазанчылар ар бир үйдүн эшигинин алдына топто-

лушуп, жакшы ниет-тилектер менен «Жарамазан» айтышат. Буга жооп катары үй ээлеринен түрдүү таттуу нерселерди алышат. Түрдүү көрүнүштөрдө пайда болгон жарамазан ырлары мазмуну жагынан өз ара жакын болот. Алардын төрт саптык ырында үй ээлерине жакшы ой-тилектер билдирилет, кээде болсо азил мазмундагы саптар да ырдалат.

**ЖАРАМАЗАН**

**Элдик ыр**

**Орточо**



△ **“Менин апам” ырын ырдаганга үйрөнгүлө.**

## МЕНИН АПАМ

Сөзү **Ж.Курмановдуку** Музыкасы **А.Укурчиновдуку**


**Жай**




Бир тыным жок апамда,
Биз уйкуну кандырсак.
Качан болсо олтурат,
Тартып коюп жаргылчак.

Бир нерсе бар дайыма,
Кызыктырган эң мени.
Ал апамдын каймакка,
Талкан маштап бергени.

**Төмөндөгү нота мисалынын такт өлчөмүнө ылайык таякчаларын (штиль) коюп чыккыла:**



?! 1. «Саратан» ырынын негизги тоникасын аныктагыла.
2.«Жарамазан» ырынын өлчөмүнө кандай дирижёрлук кылуу керек?
3. «Менин апам» ырын жаттап алгыла.

## *8–9-темалар.* НООРУЗ МАЙРАМ ЫРЛАРЫ



Сулуу жазды майрам мезгили деп айтышат. Себеби бул мезгилде Нооруз, башкача айтканда жаңы жыл майрамы кеңири майрамдалат. Нооруз майрамында ыр-күүлөр жаңырып, айтыштар жана түрдүү кызыктуу оюн-шоoктор өткөзүлөт. Ошондой эле бул майрамдарда көктөм өсүмдүктөрүнүн өнүп чыгышы менен байланыштуу өзүнчө ырдала турган ырлар да бар. Мисалы, байчечекейлердин ачылышы шаттык сезимдерине себеп болгон жана бул сезимдер атайын ырдоолордо өз ордун тапкан. Бул абалды байчечекей жөнүндөгү ырлардан сезебиз. Байчечекей Нооруздун дарекчиси (кабарчысы) эсептелген, себеби анын өнүп-өсүп чыгышы Нооруз күнүнө туура келет. Ошол себептүү байчечекейди кыр-адырлардан таап келип, ал жөнүндө шаттык ырларын үймө-үй жүрүшүп ырдашкан жана ушул түрдө жаңылыкты коңшу-колоң, айылдагыларга жеткизишкен.

## BOYCHECHAK

**Куунак** **Өзбек элдик ыр**




Нооруз күндөрү шаттык сезимдерин туюнтуучу күүлөр да аткарылган. Мына ушундай эзелки күүлөрдүн кээ бирлери биздин доорубузга чейин жетип келген. Айрыкча, “Navro‘zi Ajam”, “Ajam taronalari” сыяктуу күүлөр мисал боло алат.



# NAVRO'ZI AJAM

**Өзбек элдик күү**

**Шашпастан**



## МАМАЛАГЫМ-КУУРЧАГЫМ

Сөзү **С.Кубатованыкы** Музыкасы **С.Бактыгуловдуку**


**Орточо**




Абдан сүйгөн куурчагым,
Айтканымдан чыкпагын.
Айтып жүрөм байкеңдин
Алты жашка чыкканын.

## Фа-мажор

Фа-мажор — бул негизги тоникасы “фа” болгон мажор тональносту болуп, анын ачкыч астына бир **си-бемоль** белгиси коюлат.




Фа-мажордун туруктуу добуштары I, III жана V баскычтарда, туруксуздары II, IV, VI жана VII баскычтарда жайгашат.

Жарым тондор **ля** жана **си-бемоль** (III—IV), **ми** жана **фа** (VII—I б.) добуштары аралыгында жүзөгө келет.

### CHILDIRMA

Музыкасы **Д.Амануллаеваныкы**

**Фа-мажор**

**Ылдам**



**?!**
1. Нооруз майрамы жөнүндө кандай ырларды билесиңер?
2. «Childirma» ырынын 6/8 такт өлчөмүнө кандай дирижёрлук кылыш керек? (Оң колдун аракетинде көрсөткүлө).

# ТӨРТҮНЧҮ ЧЕЙРЕК

## ЖАЗ МЕЗГИЛИ ЫРЛАРЫ

### *1-тема*. ЖАЗ МЕЗГИЛИ ЫРЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК




Мезгил ырларынын арасында сулуу жаз мезгилине арналган элдик ырлары өзгөчө орунду ээлейт.

Табияттын ойгонуу мезгили болгон жаз убагында түрдүү гүлдөрдүн ачылышы, бүткүл айлана-чөйрөнүн кулпунушу, куштардын сайрашы чоң-кичинелердин көңүлүнө өзгөчө таасир көрсөтүп, көптөгөн кубанычтарды тартуулайт. Бул сыяктуу сулуу көрүнүштөр элибиздин таланттуу акындары тарабынан жаралган көптөгөн ырларда чагылдырылган. «Bahor keldi» элдик ырында бул мезгилдин кайталангыс көрүнүшү сүрөттөлөт.

△ **BAHOR KELDI**

**Шашылбай** **Өзбек элдик ыры**



Toshdan toshga echkilar
Sakrab o'ynaydi.
Tog' bag'rida qo'zilar
O'tlab ma'raydi.

Tog'dan ko'lga tiniq suv
Tushdi shildirab,
Ko'l ichida suv to'la
Turar miltillab.

Жаз мезгилинде кыр-адырларда жоогазын гүлдөр ачылып, табият көрүнүштөрү сулуу түс алат. Ошондой убактарда элибиз жоогазын сейил майрамын өткөзүшкөн. Жаштар, өспүрүм балдар кыр-адырларда сейилдешип, кучак-кучак жоогазындарды теришкен, кийин аларды коңшуларына, тууган-уруктарына беришип, жоогазын жөнүндөгү ырларды ырдашып, түрдүү оюндарды ойношкон.

## ЖАЗ КЕЛГЕНДЕ

Сөзү **Ж.Орозбекованыкы** Музыкасы **Ж.Касымбековдуку**






Кайырма:

Жаз келгенде жадырап,
Бак-дарактар бүр ачты.
Бакчадагы өрүкзар,
Гүлүн ачып жайнады.

Таң эртеден тынбастан,
Чыйырчыктар сайрады.
Таттуу уйкудан ойготуп,
Татынакай балдарды.

Кайырма

Татынакай жаз көрүнүштөрү обончуларыбыздын жараткан күү жана ырларында да өз чагылышын тапкан. Өзгөчө Юнус Ражабийнин чыгармачылыгына тийиштүү «Bahorim» күүсүндө көркөм мезгилде ойгонгон назик сезимдер сезилет.

### BAHORIM


Музыкасы **Ю.Ражабийники**

**Орточо ылдам**



## Ре-мажор тональносту

Ре-мажор — негизги тоникасы «ре» болгон мажор тональносту болуп, ачкыч алдында бир фа-диез жана до-диез белгилери бар.




Ре-мажордун туруктуу добуштары I, III жана V баскычтарда жайгашат (ре,фа-диез,ля). Калган баскыч (II, IV, VI жана VII) добуштары (ми, соль, си, до-диез) туруксуз.

?!

1. Жаз мезгилине арналган кандай ырларды билесиңер?
2. «Жаз келгенде» ырынын негизги тоникасын аныктагыла.
3. «Жаз келгенде» ырын жаттап алгыла.


## *2-тема*. БАЛДАР ЭЛДИК ЫРЛАРЫ

Узак кылымдардан бизге чейин жетип келген балдар ырлары өзбек элдик оозеки чыгармачылыгынын курамдык бөлүгүн түзөт. Аларда жаш муундун кызуу турмушу, жыл мезгилдери жана түрдүү майрамдарга мамилеси өзүнө мүнөздүү чагылдырылган.

Балдар элдик ырларынын көпчүлүгү оюн менен ырдалган. Буга жаз мезгилинде ырдалуучу «Binafsha», «Chittigul», «Yomg‘ir yog‘aloq», «Laylak keldi» сыяктуу ырлар мисал боло алат. Мисалы, жазында жамгыр себелеп жааганда, кубанычы койнуна батпаган балдар оюнга берилип «Yomg‘ir yog‘aloq» ырын ырдашат.

## YOMG‘IR YOG‘ALOQ

**Орточо** **Өзбек элдик ыры**




N a q a r o t:

Tarnovdan toshib,
Oqadi shoshib.
Ariqlar to‘lar
Zo‘r anhor bo‘lib.

Yashnasin dala,
Ochilsin lola.
Dala qo‘ynida
Oqsin shalola.

Yomg‘irdan foyda,
Maysaga donga.
El serob bo‘lar
Paxtaga donga.

## ГҮЛ БАКЧА

Сөзү **К.Абдрахмановдуку** Музыкасы **А.Укурчиновдуку**

**Көңүлдүү**






Талаа гүлүн тагынган,
Бакыт күүсү кагылган.
Ынтымактын, ырыстын,
Шаңдуу ыры жаңырган.

Түркүн оюн ойнойбуз,
Кубанычка малынып,
Ар өнөргө үйрөтөт,
Күндө бизде жаңылык.

Кумар чериң тараган,
Сонундар бар биз жакта.
Күлкү сүрткөн жүзүнө,
Күлүңдөгөн гүл бакча.

## КЫЗЫЛ ГҮЛ

Обону, сөзү **В.Ниязалиеванык**ы

**Орточо**






Тоого чыгып барамын,
Кооз гүлдөрдү карадым.
Арасынан мен тандап,
Кызыл гүлдү аламын.

Кайырма:

Кызыл гүл, кызыл гүл,
Тандап сени аламын.
Соолубасын гүлдөрүң,
Топтоп сууга саламын.

Гүлдөр толук көрүнөт,
Тээ алыстан кыядан.
Көп кызыл гүл өскөнгө,
Чын дилимден кубанам.

Кайырма:

Кызыл гүлүм жылыга
Кайра баштан гүлдөдү.
Окшоп кетет өзүңө
Апакемдин мүнөзү.

Кайырма

**BINAFSHA**

**Куунак**




**?!** 1. Балдар элдик ырлары жөнүндө эмнелерди билесиңер?
2. «Кызыл гүл» ырын жаттап алгыла.

## *3-тема.* ОБОНЧУ КАМИЛЖАН ЖАББАРОВ

Өзбекстан эл артисти, музыкант жана композитор Камилжан Жаббаров (1914–1975) улуттук музыканын өнүгүшүнө чоң салым кошкон искусство кыз-



**Камилжан Жаббаров**

маткери. Ал алгач агасы Момунжандан гижжакта ойногонду үйрөнө баштайт. Кийинчерээк устаттары — Рузимат Исабаевден чанг, гижжак жана Мухиддинхажы Нажмиддиновдон дутар сырларын үйрөндү. Бойго жеткенден кийин, К.Жаббаров музыка искусствосунун аткаруучулук, чыгармачылык тармактарында ийгиликтүү эмгектенди. Өзгөчө, ал гижжакта «Gul mavsumi», «Navo», «Dugohi Husayn» сыяктуу татаал түзүлүштүү классикалык күүлөрдү жогорку чеберчилик менен аткарган. Ошону менен бирге К.Жаббаров музыкалык драма, күү, ыр жаратуу тармагында берекелүү эмгек кылды. Мындан, композитор Султан Хайитбаев менен кызматташтыкта «G‘ulja ustida nur», композитор Дони Закиров менен кызматташтыкта «Nodira», «Mening jannatim» аттуу драмаларга музыка жазды. Ошондой эле көптөгөн ырларды жаратты. «Obod o‘lkam», «Toshkent piyolasi», «Diyorimsan», «Shifokorlar», «Sog‘indim», «Mubtalo bo‘ldim senga», «Assalom», «Vatan», «Ko‘zlaring», «Ey pari», «Etmasmidim», «Naz-zora qil», «Bu ko‘ngil» ушулардан. Мисалы, акын Хабибий сөзүнө жазылган «Diyorimsan» ыры элибиздин арасында кеңири белгилүү болуп кеткен.

## DIYORIMSAN

Сөзү **Хабибийники** Музыкасы **К.Жаббаровдуку**

**Орточо ылдам**



## KO‘KLAM KELADI

Сөзү **П.Момундуку** Музыкасы **Ш.Ёрматовдуку**






Chumoli ham tinmaydi,
Bekorchi ko‘rinmaydi.
Ko‘klam bilan albatta
Har jonzod harakatda.

Bag‘rini keng ochar yer,
Ishlaganda chiqar ter.
Har yili ko‘klam keladi,
Yana ham ko‘rkam keladi.

?! 1. «Гүл бакча» ырынын автору ким ?
2. «Diyorimsan» ырын ноталардын негизинде ырдагыла.
3. «Кызыл гүл» ырын жаттап алгыла.

## *4–5-темалар*. ЖАЗ ЭЛЧИЛЕРИ ЖАНА ТАБИЯТ

Элибизде илгертеден эле илегилек, турна, чабалекей сыяктуу куштар жаз элчилери катарында эсептелип, алардын учуп келиши жакшы күндөрдөн «дарек» берген. Мисалы, эрте жазда илегилекти көрүш бакыттын жышааны делсе, илегилек учуп келген жактан көрүнгөн адам кыштакка кут-береке келтирет деп айтышкан. Анткени, учуп келген турна эрте жазды даректесе, ылдыйлап учкан турна түшүмдүн берекелүү болушун түшүндүргөн жана башка[1].

[1] Навруз. Түзүүчүлөр: Т. Мирзаев, М. Жураев. Ташкент. Фан. 1992, 85—90-б.

## УЧУП БАРАМ

Сөзү **К.Жунушевдики** Музыкасы **Т.Чокиевдики**

**Ылдам**




Кунаным бар тик кулак,
Куюн жетпес учкул ат,
Алып-учуп минерде,
Асман чапчып тик турат.

«Чу» деп эле койдуңбу,
Карабай тоо-ойдуңду.
Зымыраса кубантып,
Дирилдетет койнуңду.

Канат күүлөп аргымак,
Калып айыл, калың бак.
Учу-кыйры жок талаада,
Учуп барам жалындап.

Балдар куштардын учуп келишин чыдамсыздык менен күтүшкөн. Себеби куштар ысык күндөрдүн башталышынын «кабарчысы» болот. Ошол себептүү, мисалы, илегилек учуп келгенин көргөн балдар «Laylak keldi» ырын ырдашкан жана бул тууралуу чоңдорду да кабардар кылууга ашыгышкан:

Laylak keldi, yoz bo‘ldi,
Qanoti qog‘oz bo‘ldi.
Dala-dashtlar qulf urib,
Daryo bo‘yi soz bo‘ldi...

## БҮЛДҮРКӨН

Сөзү **Ж.Мамытовдуку** Музыкасы **А.Бөдөшовдуку**






Сайгылаган тикени,
Сабагынан кармасам.
Таарынат го мөмөсү,
Таап терип албасам.

Кайырма:
Колдорубуз көк боёк,
Тергенибиз бүлдүркөн.
Суу боюнан салаалап
Кыздар көзүн күйдүргөн.
Ай, бүлдүркөн,
ай бүлдүркөн, бүлдүркөн.

?! 1. Куштар жөнүндө кандай ырларды билесиңер?
2. «Бүлдүркөн» ырынын негизги тоникасын аныктагыла.
3. «Бүлдүркөн» ырын жаттап алгыла.

## 6–7-темалар. ОБОНЧУ ФАХРИДДИН САДЫКОВ

Белгилүү музыкант, обончу Фахриддин Садыков (1914—1977) өзүнүн көп мазмундуу ырлары жана кайталангыс аспаптык күүлөрү менен өзбек музыкасынын өрчүшүнө салмактуу салым кошту.

Өзгөчө устанын «O‘zbekcha vals», «Vatan marshi», «Qurilish marshi» аспаптык күүлөрү, «O‘zbekiston», «To‘y muborak», «Dutorim», «Bir go‘zal», «Tinchlik qo‘shig‘i», «Shirmonoy», «Zarafshon» сыяктуу qo‘shiq



Фахриддин Садыков

жана ashula ырлары улуттук музыка казынабыздан татыктуу орун алган.

Мындай мазмундуу музыканы жаратууда Ф.Садыковдун обончулук таланты чанг жана дутар аспаптарын жеткилең билгендиги маанилүү болгон.

Бул жөндөмдүүлүк обончунун жана башка көптөгөн чыгармаларында да көрсөтүлгөн болот.

Буга Фахриддин Сады-ковдун акын Акмал Пулаттын ырына жазылган «Qorabayir» ыры мисал болушу мүмкүн.

Карабайыр — Өзбекстанда жетиштирилүүчү жылкынын түрү болуп, андан минүүгө, арабага кошуп жүк ташууда пайдаланылат.

«Qorabayir» ырында дыйкандарыбыздын оорун жеңил кылууга кызмат кылып келе жаткан мына ушундай аттар сүрөттөлөт. Ырдын чертме аспаптарда аткарылуучу кириш бөлүгү жана кайырмалары кайраттуу атчан жигиттин жүрүшүн, ыр саптарынын күү-обондору болсо кең талааларды жана аларда желип-жүгүрүп жүргөн аттарды сүрөттөйт.

## QORABAYIR

Сөзү **А.Пулаттыкы** Музыкасы **Ф.Садыковдуку**

**Ылдам**







## YOZ YAXSHI

Сөзү **П.Момундуку** Музыкасы **Д.Зокировдуку**

**Орточо ылдам**






Yoz kezar yashnagan elimda,
Yoz zavqi tilimda, dilimda.
Qushlarim sayrashar, qaynashar,
Buloqlar shivirlar, shildirar:
Yoz yaxshi, yoz yaxshi, yoz yaxshi!

Quyoshday mehnatim qudrati,
Pahlavon xalqimning sur'ati,
Yurtimni bezagan, qaranglar,
Yoz kuyi har yonda jaranglar:
Yoz yaxshi, yoz yaxshi, yoz
yaxshi!


## CHAMANDAGUL

**Өзбек эл ыры**




## ЫНТЫМАК

Сөзү **М. Тойбаевдики** Обону **А.Укурчиновдуку**






Бөбөгүмө үйрөтөм,
Ынтымак деп сүйлөтөм.
Сиз деп калат энем да,
Өзүм сиз деп сүйлөсөм.

Кайырма:

Анын аты – ынтымак,
Өзүм менен бир турат.
Баары мендей болууга,
Жолдошторум кунт кылат.

?! 1. 6/8 такт өлчөмүнө кандайча дирижёрлук кылынышын оң колуңар менен көрсөткүлө.

2. Бул белгилердин маанисин түшүндүрүп бергиле, ♯, ♭, ♮.

3. Мажор тональностунда жарым тондор кайсы добуш баскычтарынын арасында жүзөгө келет?

4. Минор тональностунда жарым тондор кандай добуш баскычтарынын арасында жүзөгө келет?

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН ТАПШЫРМАЛАР

**1. Кайсы катарда «Майрам жана азем» ырлары туура көрсөтүлгөн?**

А) «Lapar», «Oh, layli», «Аппак кар»

Б) «Yor-yor», «Kelinsalom», «Charx».

В) «Maktab», «Alla», «Yalla».

**2. Бакшылар кандай ырларды ырдашат?**

А) Лапарларды.

Б) Дастан ырларды.

В) Бешик ырларды.

**3. Жарамазан ырлары качан ырдалат?**

А) Той жана аземдерде.

Б) Жарамазан айында кечкурун.

В) Ымыркайларды уктатуу максатында.


**4. Өзбек элдик бийлери кайсы катарда туура көрсөтүлгөн?**

А) “Камаринская”, “Гопак”, “Бульба”.

Б) “Lazgi”, “Dilxiroj”, “Tanovor”.

В) “Полька”, “Мазурка”, “Shag‘ala”.

**5.**



1. Кылдуу аспап.
2. Каракалпак элдик оюн-бийи.
3. Кылдуу чертме аспап.
4. Урма аспап.
5. Үйлөмө аспап.

## БИЛИП КОЙГУЛА!

1. Ырдап жатканда баш жана көөдөнңдү туура кармагыла.

2. Ырдоо көнүгүүлөрү жана ырдап жатканда демиңерди үнөмдөп иштеткиле.

3. Ырдын сөздөрүн так айткыла. Мында үндүү добуштарды созулуңкураак, үнсүз добуштарды болсо кыска айтууга аракет кылгыла.

4. Ырдын сөздөрүн түшүнүп, анын мазмунуна ылайык түрдө ырдагыла.

5. Чогуу ырдап жатканда өз үнүңөр менен бирге башкалардын да үнүн угуп, тең ырдоого умтулгула.

6. Ырдаганда мугалимдин көрсөтмөлөрүнө көңүл бургула.

## МУЗЫКА СӨЗДҮГҮ

**Афган рубабы** — кылдуу-чертме аспап болуп, ал медиатор менен чалынат. Анын чөйчөгү чукур оюлган жана тери менен капталган болот, кыска жана жоон сабында төрт байлама пардасы (лады) бар. Сабынын жогорку бөлүгүндө 6 же 7 кошумча («хас») пардалары да болот. Афган рубабынын 5 негизги кылдарында күү чертилет. Ошондой эле анын жан жагынан 10–11 жардамчы жан кулак зымдары да тартылган болуп, алар жаңырык катары жаңырат.

**Бастакор** (обончу) — (фарс.таж. — баста — байлоо, кор — иш) — белгилүү парда (лад) күү обондоруна түрдүү дойра усулдары жана сөздөрдү байланыштырып, ыр сыяктуу чыгармаларды жазуучу музыкант.

**Буламон** — тыт дарагынан иштелген сурнай түрүндөгү аспап. Бирок сурнайдан көлөмү кичине, үйлөмөсү болсо сыбызгыныкы сыяктуу (тилчелүү) экендиги менен айырмаланат.

**Дойра** (башкача аты — чылдырма) — урма аспаптын айланасы жүзүм, өрүк, жаңгак жыгачынан даярдалып, бир жагынан музоо (же кийик, эчки) териси менен капталат. Ич жагына 40 тан ашык шакекчелер илинет.

**Дутар** — эки кылдуу чертме аспап, тыт, өрүк же жаңгак дарагынан даярдалат.

**Домбра** — дутар сыяктуу кылдуу чертме аспап болуп, бирок дутардан өзүнө мүнөздүү «кырылдак» добушу, кыска жана сылык сабы сыяктуулар менен айырмаланат.

**Керней** — жезден жасалган үйлөмө аспап болуп, узундугу 2 м жана андан да ашык болушу мүмкүн. Анын сынык сызыктуу көрүнүшү да бар. Алып жүрүүгө ыңгайлуу болушу үчүн 3 бөлүккө бөлүнөт. Кернейде бармактар менен басылуучу тешиктер болбойт.

Күчтүү жана жоон үнү көбүнчө «жар салуу», мындан, илгери аскерлерге кабар берүү куралы болуп кызмат кылган. Ансамбль курамында салтанаттуу жана көтөрүңкү көңүл туудурат.

**Композитор** (лат. — чыгармачыл, ойлоп табуучу, түзүүчү) — опера, симфония, соната, балет, оратория сыяктуу музыкалык жанрларда чыгармалар жазуучу чыгармачыл адам.

**Нагара** — ылайдан карапа сымал түрдө жасалып, керамика даражасындагыдай бышырылат.

Чөйчөгү кийиктин (же башка жаныбар) териси менен капталат. Нагаралар көлөмүнө жараша чоң, орточо жана кичине түрлөргө бөлүнөт. Адатта орточо жана кичине нагаралар бир-бирине байланып, кошнагара түрүндө той жана башка массалык майрам аземдеринде ойнолот.

**Сато** — кылдуу аспап. Тыт жыгачынан оюп жасалган, чөйчөгү жана узун сабы танбурду эстетет.

**Сыбызгы** — жөнөкөй камыштан жасалган үйлөмө аспап. Үйлөмө жагынан тилче кесилген болуп, алды жагында бармактар менен басылуучу үч тешикчеси бар.

**Сурнай** — өрүк же жаңгак жыгачынан оюп жасалат. Анын алды жагында жети, астында бир тешикчеси бар. Сурнайда бий күүлөрү, элибиздин арасында кеңири таркалган массалык ырлардын

күүлөрү жана макамдардын «сурнай жолдору» аткарылат. Ансамблдин курамында да сурнай негизги күү жолдорун жаңыртат.

**Танбур** – кылдуу чертме аспап. Тыт жыгачынан даярдалат. Узун сабында 16 байлоочу пардасы бар. Чөйчөк капкагына 4 таякча (хас) парда желимделген болот. Танбурдагы кылдардын саны үчтөн алтыга чейин болушу мүмкүн. Азыркы учурда көбүрөөк үч-төрт зымдуу танбур колдонулат. Кылдар нохун менен чертилет.

**Уд** — кылдуу-чертме аспаптардын эң байыркыларынан бири болуп эсептелинет. Ал танбур жана дутардан өзүнүн алмурут түрүндөгү чоң чөйчөгү жана сылык кыска сабы менен ажыралып турат. Уд аспабында 11 кыл болуп, ушулардан бешөөсү кош түрдө, бирөөсү болсо ылдый жоон добуш ордуна колдонулат.

**Чанг** — кылдуу-урма аспап болуп, анда жалпы 40 зым (кыл) болот. Булардан 13ү үчтөн биригип бөлүнгөн абалда, бир зымы ылдый жоон кылга ажыралат. Чангдын кылдары 2 таякча менен уруп жана чертип (тырмап) ойнолот.

**Ыр** — ооздо ырдоо үчүн болжолдонгон бардык музыкалык үлгүлөрдүн жалпыланган аты.

## МАЗМУНУ

Сөз башы ....................3
Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик гимни ....................4

### БИРИНЧИ ЧЕЙРЕК
### Элдик ырлар жана аспаптар

*1–2-темалар*. Элдик ырлар ....................7
Qo'shiq ....................8
Бекбекей. Элдик ыр ....................9
Shaftoliga savolim. Сөзү П.Момундуку, музыкасы Н.Нархожаевдики...11
Жөнөкөй музыкалык формаларды эстөө. Ыр саптардын формасы...12
*3-тема*. Эмгек ырлары ....................12
Оп майда. Элдик ыр ....................13
До-мажор тональносту ....................16
*4-тема*. Лапар ....................17
3/8 өлчөмү ....................20
*5-тема*. Ялла ....................21
*6–7-темалар*. Өзбек эл аспаптары ....................22
Комуз ....................27
Ой, комузчу. Сөзү Т.Үмөталиевдики, обону элдики ....................27
Афган рубабы жөнүндө аңгеме ....................28
*8–9-темалар*. Үйлөмө жана урма аспаптар ....................30
Токтогул Сатылганов ....................31
Миң кыял. Музыкасы Т.Сатылгановдуку ....................32
Минор добуш катары ....................34
Дойра ....................35

### ЭКИНЧИ ЧЕЙРЕК
### Майрам жана салттык ырлары

*1-тема*. Жалпы түшүнүк ....................38
Биздин класс. Сөзү А.Кыдыровдуку, музыкасы К.Букалаевдики ......40
*2–3-темалар*. Той аземи ырлары ....................41
Муратаалы Күрөңкеев ....................43
Камбаркан (Күүдөн үзүндү) Музыкасы М.Күрөңкеевдики ....................43
Элкин тоо. Сөзү Тоголок Молдонуку, обону элдики ....................44
Кең жайлоо. Сөзү А.Белековдуку, музыкасы М.Абдраевдики ............45
*4-тема*. Элдик бийлер ....................47
Жүр, польканы бийлейли. Сөзү Ж.Садыковдуку,
музыкасы Н.Давлесовдуку ....................50
*5–6-темалар*. Бешик ырлары ....................51

Бешик ыры. Музыкасы В.А.Моцарттыкы ............................................52
Алдей, алдей бөбөгүм. Сөзү Т.Кожомбердиевдики,
музыкасы О.Турсуниязовдуку ......................................................54
«Бешик ыры» жөнүндө аңгеме .......................................................55
Соль-мажор тональносту ...............................................................56
Бышыктоо үчүн тапшырмалар .......................................................57

## ҮЧҮНЧҮ ЧЕЙРЕК
## Мезгил ырлары

*1-тема*. Мезгил жана майрам ырлары ..........................................59
Qorbo'ron. Сөзү М.Абдушукурованыкы, музыкасы А.Мансуровдуку ....60
Biz askarmiz. Сөзү И.Рахмандыкы, музыкасы Н.Нархожаевдики........62
*2–3 темалар*. Кыш мезгилиндеги ырлар .......................................64
Аппак кар. Сөзү Ш.Дүйшеевдики, музыкасы С.Момбековдуку ..........65
*4–5-темалар*. Токтосун Жалилов ..................................................67
Сигнал. Музыкасы Т. Жалиловдуку .................................................68
Ак чөлмөк. Обону, сөзү Ш.Эсенгуловдуку .......................................69
Бакшынын эрдиги ............................................................................70
Най күүсү ........................................................................................73
Мен кыргыздын уулумун. Обону, сөзү Ш.Эсенгуловдуку ....................75
*6–7-темалар*. Жарамазан салттык ырлары ......................................76
Жарамазан. Элдик ыр .......................................................................77
Менин апам. Сөзү Ж.Курмановдуку, музыкасы А.Укурчиновдуку .......78
*8–9-темалар*. Нооруз майрам ырлары .............................................79
Boychechak. Өзбек салттык ыры .........................................................80
Мамалагым-куурчагым. Сөзү С.Кубатованыкы,
музыкасы С.Бактыгуловдуку...............................................................82
Фа-мажор ..........................................................................................83

## ТӨРТҮНЧҮ ЧЕЙРЕК
## Жаз мезгили ырлары

*1-тема*. Жаз мезгили ырлары жөнүндө түшүнүк ................................84
Bahor keldi. Өзбек элдик ыры .............................................................84
Ре-мажор тональносту .......................................................................86
*2-тема*. Балдар элдик ырлары ..........................................................87
Yomg'ir yog'aloq. Өзбек элдик ыры ......................................................88
Гүл бакча. Сөзү К.Абдрахмановдуку, музыкасы А.Укурчиновдуку .......88
Кызыл гүл. Обону, сөзү В.Ниязалиеваныкы ..........................................89
*3-тема*. Обончу Камилжан Жаббаров ..................................................90

Diyorimsan. Сөзү Хабибийники, музыкасы К.Жаббаровдуку ............... 92
*4–5-темалар*. Жаз элчилери жана табият ........................................ 94
Учуп барам. Сөзү К.Жунушевдики, музыкасы Т.Чокиевдики .............. 95
*6–7-темалар*. Обончу Фахриддин Садыков ....................................... 97
Qorabayir. Сөзү А.Пулаттыкы, vузыкасы Ф.Садыковдуку ..................... 99
Бышыктоо үчүн тапшырмалар .......................................................... 104
Музыка сөздүгү ................................................................................. 105

---

**O.IBROHIMOV, R.JUMANAZAROVA**

**MUSIQA**

4-sinf uchun darslik

(Qirg'iz tilida)

6-басылышы

Которгон *Р.Жуманазарова*
Редактору *С.Назаров*
Көркөм редактору *Ш.Мирфаёзов*
Техникалык редактору *Е.Корягина*
Компьютерде даярдаган *З.Алиева*

Басма лицензиясы AI № 290. 04.11.2016.
2017-жылы 6-июнда басууга уруксат этилди.
Форматы 70х90 $^1/_{16}$. Кегл 14 шпондуу. Pragmatic гарнитурасы.
Офсеттик басма. Шарттуу басма табагы 8,19.
Нашр табагы 8,5. Нускасы 828. Заказ .....

Өзбекстан басма сөз жана кабар агенттигинин
Гафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык
үйүндө басылды. 100128. Ташкент . Лабзак көчөсү, 86.

**Биздин интернет сайтыбыз: www.gglit.uz**
**e-mail: info@gglit.uz**

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты, фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |

**Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкү баалоо критерийлеринин негизинде толтурулат.**

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу жана сызыктар жок. |
| Канааттандырарлык | Мукабасы эзилген, четтери жыртылган, окуу китебинин негизги бөлүктөн ажыралуу абалы бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык даражада калыбына келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| Канааттандырарлыксыз | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыралган же бүтүндөй жок, канааттандырарлыксыз даражада калыбына келтирилген. Беттери жыртылган, барактары жетишсиз, чийип-боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |